**Т А К Т А М А**
**Бакиевдердин** жазык иштери боюнча

**Ячейкалар боюнча:**

Тергөө органдары тарабынан Кыргыз Республикасынын мурдагы Президенти К.Бакиевдин уулу М.Бакиев чексиз бийлик абалынан пайдаланып, өзүнүн кылмыштуу аракети менен мамлекеттик бийликке, коомдук коркунучка жана экономикалык багыттагы кылмыштарды жасоо үчүн “АзияУниверсалБанк” ААКнын (Мындан ары текст боюнча - АУБ) жана мамлекеттин акча-каражат байлыгын ээлеп алуу максатын көздөгөн жолго төмөндөгүдөй жагдайда түшкөн.

2005-жылдан баштап 2010-жыл аралыгында ачык акционердик коомдук коммерциялык банктарда “Азия универсал Банк”, “Банк Бакай” ААКда жана башка банктарда акча каражаттарына атайын схема түзүлүп, анда ар кандай жолдору менен акча каражатын кредит берүү, баалуу кагаздар, жакынкы жана алыскы мамлекеттерге, ортомчу банктар аркылуу финансылык операцияларды жасоо менен, бир банктык счёттон башка счётко которуу жолдору менен жана чек ара аркылуу товарларды алып өткөн деген жалган маалыматтар менен операцияларды жасап келишкен.

Акча-каражатынын негизги жөнөтүүчүлөрү жана алуучулары болуп Черногория, Макао, Белиз, Маршал аралчалары, Сейшель аралчалары, Панама, Британия Виргин мамлекеттеринде катталган компаниялар болуп эсептелген.

М.Бакиев алдын-ала В.Халилов, Е.Гуревич жана А.Елисеев болуп сүйлөшүп алышып, “Азия Универсал Банк” ачык акционердик коомунун дарегине сырт жактан мыйзамсыз которулган акча-каражатынан В.Халилов менен түзүлгөн кредиттик келишимдин негизинде, күрөөсү жок эле 16 млн. сом акча каражатын 2009-жылдын 2-июлунда алып беришкен.

2010-жылдын 18-апрелинде Бишкек шаардык прокуратурасынын тергөө тобунун жүргүзгөн тинтүүсүндө аталган жайдан №380 депозиттик ячейкадан 1 948 400 АКШ доллары, №439 депозиттик ячейкадан 749 900 АКШ доллары баардыгы болуп 2698300 мыйзамсыз чогулткан АКШ доллары табылган.

Мындан сырткары, тергөө тобу тарабынан жүргүзүлгөн тинтүүдө №№ 81,197 депозиттик ячейкалардан Марат Бакиевге тиешелүү 2 007 400 АКШ доллары табылган.

М.Бакиевге тиешелүү болгон “Манас Банк” жабык акционердик коомунда жүргүзүлгөн тинтүүдө мыйзамсыз сакталган ок атуучу куралдар, номери өчүрүлгөн “Марголин” пистолети жана 5,6 мм. өлчөмүндөгү 56 ок табылган.

Мындан сырткары, М.Бакиев Кыргыз республикасынын интеллектуалдык менчик кызматынын башчысы У.Мелисбек жана С.Ким менен алдын-ала сүйлөшүп алып, 2008-жылдын октябрь айынан 2010-жылдын 7-апрелине чейинки убакта С.Кимге көрсөтмө берип, анда “Азия Инфо” мүмкүнчүлүгү чектелген коомдун ээлери Д.Щербаков жана Ф.Аблмитованы коркутуп алардын мүмкүнчүлүктөрүн интеллектуалдык менчик кызматынын алдына өткөрүп берүүгө мажбурлашкан. 2009-жылдын 7-апрелинде Кыргыз Республикасынын Президентинин №192 Жарлыгынын негизинде “Азия Инфо” өзүнүн ишмердүүлүгү токтотулуп, укугунан ажыраган.

М.Бакиев У.Мелисбек менен алдын-ала сүйлөшүп алып, өзүнүн жакын адамы С.Ким аркылуу “Азия Инфо” коомунун укуктарын Мамлекеттик патент кызматына өткөрүп берүүнү талап кылган.

2007-жылдан баштап, 2010-жылдын апрель айына чейинки убакта У.Пак чоң тажрыйбасын пайдаланып, Бишкек шаарындагы жана Чүй областындагы салык кызматтарынын мөөрлөрүн жана иш кагаздарын жасалмалап келген.

2010-жылдын 20-апрелинде жүргүзүлгөн тинтүүдө аталган жасалма мөөрлөр У.Пакка тиешелүү №354 депозиттик ячейкадан табылган.

2009-жылдын 19-мартында “Манас Банк” ЖАКнун атынан К.Касымов менен У.Пактын ортосунда түзүлгөн №354 келишимде 2010-жылдын 19-мартынан 2011-жылдын 11-мартына чейин убакта баалуулуктарды жеке банктык сейфте сактоо боюнча келишим түзүлгөн.

2010-жылдын 20-апрелиндеги Бишкек шаардык прокуратурасынын тергөө тобунун жүргүзгөн тинтүүсүндө аталган сактоочу жайда 1983-жылы 10-декабрында туулган Абылов Алмаз Темирбаевичтин атына жазылган АН 1153536 201021983000158 жеке номерине 2008-жылдын 10-декабрында берилген паспорту табылган. Тактоо жүргүзгөн убакытта мындай адам эч жерде катталбагандыгы аныкталган.

Бишкек шаардык прокуратурасынын тергөө тобу тарабынан жүргүзүлгөн тинтүүдө №№ 336, 395, 396, 397 депозиттик ячейкаларда У.Пакка тиешелүү болгон 6 649 600 АКШ доллары табылган. Аталган акча каражаттары жогоруда белгилегендей мыйзамсыз табылган акча-каражаттарынан алынган болуп эсептелинген.

Бишкек шаардык прокуратурасы тарабынан жогоруда аталган фактылар боюнча 09.04.2010-жылы Кыргыз Республикасынын КЖКнын 303-бер. 2-б., 30-183-бер. 2-б. 1,2-п.п., 3-б.; 170-бер. 2-б. 2-п., 30-304-бер. 2,3-б.б. 3-б, 4-б. менен 151-10-19 сандуу жазык иши козголгон.

22.08.2014-жылы М.Бакиев, Марат Бакиев, А.Елисеев, М.Надель, Е.Гуревич, С.Ким, У.Пак, У.Мелисбековдорго Кыргыз Республикасынын КЖКнын 303-бер. 2-б., 30-183-бер. 2-б. 1,2-п.п., 3-б.; 170-бер. 2-б. 2-п., 30-304-бер. 2,3-б.б. 3-б, 4-б. менен айыптары угузулуп, Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун орун басары Т.Бекмамат уулу тарабынан айыптоо корутундусу бекитилип, жазык иши Биринчи май райондук сотунун кароосуна жөнөтүлгөн.

Биринчи май райондук сотунун 2016-жылдын 21-сентябрындагы өкүмү *(судья А.Боромбаев)* менен **Бакиев Максим Курманбекович** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 303-бер. 2-бөл; 30-бер. 183-бер. 2-бөл. 1.2-п.п. 3-бөл; 241-бер. 1-бөл.; 170-бер. 2-бөл. 2-п.; 30-бер. 304-бер. 2,3-бөл. 3-п. 4-бөл. менен күнөөлү деп табылып, Кыргыз Республикасынын КЖКнын 59,60-бер. негизинде өмүр бою эркиндигинен ажыратылып, үй-мүлкү конфискацияланып, жазасы өзгөчө тартипте өтөөсү белгиленип жана мамлекеттик кызматка 3 жылга чейин кирүүгө тыюу салынган.

**Бакиев Марат Курманбекович** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 303-бер. 2-бөл; 183-бер. 3-бөл; менен күнөөлүү деп табылып, Кыргыз Республикасынын КЖКнын 59,60-бер. негизинде 30 жылга эркиндигинен ажыратылып, үй-мүлкү конфискацияланып, жазасы күчөтүлгөн тартипте өтөөсү белгиленип жана мамлекеттик кызматка 3 жылга чейин кирүүгө тыюу салынган.

**Елисеев Алексей Александрович** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 30-бер. 303-бер. 2-бөл; 30-бер. 183-бер. 2-бөл. 1,2.п.п., 3-бөл; менен күнөөлүү деп табылып, Кыргыз Республикасынын КЖКнын 59,60-бер. негизинде 25 жылга эркиндигинен ажыратылып, үй-мүлкү конфискацияланып, жазасы күчөтүлгөн

тартипте өтөөсү белгиленип жана мамлекеттик кызматка 3 жылга чейин кирүүгө тыюу салынган.

**Гуревич Евгений Сергеевич** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 30-бер. 303-бер. 2-бөл; 30-бер. 183-бер. 2-бөл. 1,2.п.п., 3-бөл; менен күнөөлүү деп табылып, Кыргыз Республикасынын КЖКнын 59,60-бер. негизинде 30 жылга эркиндигинен ажыратылып, үй-мүлкү конфискацияланып, жазасы күчөтүлгөн тартипте өтөөсү белгиленип жана мамлекеттик кызматка 3 жылга чейин кирүүгө тыюу салынган.

**Ким Сергей Вячеславич** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 30-бер. 303-бер. 2-бөл; 350-бер. 1.3-бөл. 183-бер. 3-бөл; 190-бер. 1-бөл.; 170-бер. 2-бөл. 2-п.; 30-бер. 304-бер. 2,3-бөл. 3-п. 4-бөл. менен күнөөлүү деп табылып, Кыргыз Республикасынын КЖКнын 59,60-бер. негизинде 30 жылга эркиндигинен ажыратылып, үй-мүлкү конфискацияланып, жазасы күчөтүлгөн тартипте өтөөсү белгиленип жана мамлекеттик кызматка 3 жылга чейин кирүүгө тыюу салынган.

**Пак Ульян Юрьевна** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 30-бер. 303-бер. 2-бөл; 350-бер. 1.3-бөл. 350-бер. 1,2-бөл. 183-бер. 3-бөл; 190-бер. 1-бөл.; 241-бер. 1-бөл. менен күнөөлүү деп табылып, Кыргыз Республикасынын КЖКнын 59,60-бер. негизинде 30 жылга эркиндигинен ажыратылып, үй-мүлкү конфискацияланып, жазасы аялдардын абагында өтөөсү белгиленип жана мамлекеттик кызматка 3 жылга чейин кирүүгө тыюу салынган.

**Мелисбек Улан** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 170-бер. 2-бөл. 2-п. 304-бер. 2-бөл. 3-бөл. 3-п. 4-бөл. менен күнөөлүү деп табылып, Кыргыз Республикасынын КЖКнын 59-бер. негизинде 13 жылга эркиндигинен ажыратылып, үй-мүлкү конфискацияланып, жазасы күчөтүлгөн тартипте өтөөсү белгиленген.

М.К.Бакиев, М.К.Бакиев, С.В.Ким, А.А.Елесеев, Е.С.Гуревич, У.Ю.Пак, М.А.Надель жана У.Мелисбектердин бөгөт коюу чарасы өзгөртүлбөстөн сырттан алынган камактагы боюнча калтырылган.

Бишкек шаардык сотунун 2017-жылдын 11-январындагы өкүмү жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2017-жылдын 27-мартындагы токтому менен Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун 2016-жылдын 21-сентябрындагы өкүмү күчүндө калтырылган.

**«АзияУниверсалБанк» жана Социалдык фондунун акча каражаттары боюнча:**

2009-жылы Бакиев Максим Курманбекович Кыргыз Республикасынын өнүктүрүү, инвестиция жана иновация борбордук агенттигинин жетекчиси кызматында кызматтык абалынан кыянаттык менен пайдаланып, мыйзамсыз жеке ишкердик менен алектенүү максатында алдын-ала АУБдун мүдүрлөр кеңешинин төрагасы М.Надель жана «MGN Capital» компаниясынын жетекчиси Е.Гуревич менен бирге, алдоо жолу менен АУБдун кардарларынын акча каражаттарын жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун акча каражаттарын өзгөчө ири өлчөмдө ээлеп алуу максатында атайын план түзүшүп, аталган максаттарын ишке ашыруу үчүн Е.Гуревич 2009-жылдын 19-январындагы АУБ менен жана «MGN Capital» компаниясынын ортосунда түзүлгөн эки тараптуу брокердик келишимдин алкагында М.Надельге «ГазПромБанк» ЖАКнун, «Сбербанк России» ААКнун, «Петрокоммерц» ААКнун, «Промсвязьбанк» ААКнун, «МДМ Банк» ААКнун, «Россельхозбанк» ААКнун, АКБ «РОСБАНК» жана «Ханты-Мантийский Банк» ААКнун Россияда

жайгашкан банктарынын фиктивдүү векселдеринин көчүрмөлөрүн тапшырган. Аталган векселдердин алынуусунун муктаждыгы АУБдун активдери менен пассивдерин башкаруу комитетинин (мындан ары тект боюнча - КУАБ) жана мүдүрлөрүнүн кеңешинин 2009-жылдын 16,23-25 жана 28-декабрындагы кезектеги кеңешмелеринин отурумунда талкууланган.

Мындан тышкары, АУБдун атынан Д.Джапаровдун 2009-жылдын 16-декабрындагы 811/02 сандуу, 2009-жылдын 23-декабрындагы 824/05 сандуу, 2009-жылдын 24-декабрындагы 831/05 сандуу, 2009-жылдын 25-декабрындагы 831/05 сандуу жана 2009-жылдын 28-декабрындагы 842/02 сандуу тескемелеринин негизинде «Ак-Тилек Инвестмент» ЖЧКнын эсебине 2 095 181 917 сом акча каражаты которулуп, аталган акча каражаттары М.Бакиев, М.Надель жана Е.Гуревичтердин капчыгына түшүп, жогоруда көрсөтүлгөн компаниялар жабылып калгандыгы аныкталган.

Жалпы суммасы 470 000 000 рубль акчасын түзгөн 47 вексель АУБга тиешеси жок компаниялар менен алынган, ал эми жалпы суммасы 940 000 000 рубль акчасын түзгөн калган 57 вексель АУБдун балансындагы векселдер Россия Федерациясынын Борбордук банкынын берген маалыматына ылайык 2010-жылдын 1-июнуна карата орусиялык ООО ИФК «Алмаз», БК «Регион», ИК «Велес Капитал» компанияларына тийиштүү экендиги жана аталган векселдер эмитент банктарында (в банках эмитентов) сакталууда экендиги маалымдалган. Ошону менен бирге аталган орусиялык компаниялар АУБ менен «Ак-Тилек Инвестмент» ЖЧКга эч кандай тиешеси жок экендиги тастыкталган.

Ал эми, М.Бакиев, Е.Гуревич менен М.Надельдин кылмыштуу кыймыл-аракеттери менен «АзияУниверсалБанк» ААКна жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна 2 078 623 577 сом өзгөчө ири өлчөмдөгү зыян келтирилгендиги аныкталган.

Жогорудагы эпизоддор боюнча М.Бакиевдин, Е.Гуревич менен М.Наделдин аракеттери тергөө органдары тарабынан Кыргыз Республикасынын КЖКнын 303-бер. 2-б. менен жана Кыргыз Республикасынын КЖКнын 30-303-бер. 2-б. менен квалификацияланып айыбы угузулган.

Мындан тышкары, 2010-жылдын мартында М.Бакиев, М.Надель жана Е.Гуревич АУБдун кардарларынын акча каражаттарын жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун акча каражаттарын 2010-жылдын 6-апрелиндеги 130/17/05 сандуу тескеменин негизинде «Pintercool L.T.D» компаниясынын эсептик счетуна 7 200 000 АКШ доллары, «Aron Capital L.T.D» оффшордук компаниясынын эсептик счетуна 7 000 000 АКШ доллары жана «Aqvenor L.T.D» компаниясынын счетуна 6 300 000 АКШ доллары векселдерди сатып алуу үчүн алдын-ала төлөм катары которулуп, жалпы суммасы 20,5 миллион АКШ долларын түзгөн. Андан ары аталган акча каражаттары кичи суммаларга бөлүнүп, жыйынтыгы менен АУБдун эсебинен чыгышталып, аталган акча каражаттары М.Бакиев, М.Надель жана Е.Гуревичтердин капчыгына түшүп, жогоруда көрсөтүлгөн компаниялар жабылып калгандыгы аныкталган.

М.Бакиевдин жана башкалардын кылмыштуу кыймыл-аракеттеринин кесепетинен «АзияУниверсалБанк» ААКсы банкрот жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна 20.5 миллион АКШ доллар, же болбосо 941 736 850 сомго материалдык зыян келтирилген (1 доллардын курсу 46 сом). Ал эми, келтирилген материалдык зыяндын жалпы суммасы 3 миллиард сом, же болбосо 63 миллион АКШ долларын түзгөн.

Жогорудагы эпизод боюнча М.Бакиевдин, Е.Гуреевич менен М.Надельдердин аракеттери тергөө органдары тарабынан Кыргыз Республикасынын КЖКнын 303-беренесинин 2-бөлүмү, 30-303-беренесинин 2-бөлүмү менен квалификацияланып, айыбы угузулган.

Биринчи май райондук сотунун 2014-жылдын 22-октябрындагы өкүмү менен (судья А.Субанкулов) **Бакиев Максим Курманбекович** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 303-беренесинин 2-бөлүмү менен кылмыш жасагандыгы боюнча эки эпизод менен күнөөлүү деп табылып, ар бир эпизоду боюнча мүлкүн конфискациялоо жана мамлекеттик кызматтарды ээлөөгө 3 жылга чейин укугунан ажыратуу жолу менен 20 жылга эркиндигинен ажыратуу жазасы чектелген. Кыргыз Республикасынын КЖКнын 59-беренесинин талаптарына ылайык аталган жазаны 2014-жылдын 4-апрелиндеги Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун М.Бакиевге карата чыгарылган өкүмүнө жарым-жартылай кошуу жолу менен М.Бакиевдин мүлкүн конфискациялоо жана мамлекеттик кызматтарды элөөгө 3 жылга чейин укугунан ажыратуу жолу менен бирге өмүр бою эркиндигинен ажыратуу жазасы чектелип, жазасын өзгөчө режимдеги түзөтүү абактарда өтөөсү белгилеген.

**Гуревич Евгений Сергеевич** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 30-303-беренесинин 2-бөлүмү менен мүлкүн конфискациялоо жана мамлекеттик кызматтарды ээлөөгө 3 жылга чейин укугунан ажыратуу жолу менен 20 жылга эркиндигинен ажыратуу жазасы чектелген. Кыргыз Республикасынын КЖКнын 59-беренесинин талаптарына ылайык аталган жазаны 2014-жылдын 25-июнундагы Биринчи май райондук сотунун өкүмүнө жарым-жартылай кошуу жолу менен мүлкүн конфискациялоо жана мамлекеттик кызматтарды элөөгө 3 жылга чейин укугунан ажыратуу жолу менен 25 жылга эркиндигинен ажыратуу жазасы чектелип, жазасын күчөтүлгөн режимдеги түзөтүү абактарда өтөөсү белгилеген.

**Надель Михаил Анатольевич** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 30-303-беренесинин 2-бөлүмү менен мүлкүн конфискациялоо жана мамлекеттик кызматтарды элөөгө 3 жылга чейин укугунан ажыратуу жолу менен 20 жылга эркиндигинен ажыратуу жазасы чектелген. Кыргыз Республикасынын КЖКнын 59-беренесинин талаптарына ылайык аталган жазаны 2014-жылдын 4-апрелиндеги Ленин райондук сотунун М.Надельге карата чыгарылган өкүмүнө жарым-жартылай кошуу жолу менен мүлкүн конфискациялоо жана мамлекеттик кызматтарды элөөгө 3 жылга чейин укугунан ажыратуу жолу менен 25 жылга эркиндигинен ажыратуу жана 100 эсептик көрсөткүчтөгү акчалай айып жазасы чектелип, жазасын күчөтүлгөн режимдеги түзөтүү абактарда өтөөсү белгилеген.

М.Бакиев, Е.Гуреевич менен М.Наделдердин тандалган камакка алуу бөгөт коюу чаралары өзгөртүүсүз калтырылган. Ал эми ар биринен мамлекеттин эсебине 3 миллиард сом солидардык түрдө өндүрүлүүсү белгиленген.

Жогоруда аталган өкүм күчүнө кирип, тараптардан даттануу жана сунуш келтирилген эмес.

**Е.Гуревичтин "Мобилдик түйүн" ЖЧКнын 40 пайыздык үлүшүн ээлеп алган фактысы боюнча:**

2008-жылы 22-декабрында Е.Гуревич Д.Умаралиев жана «Глобал Групп» ЖЧКсы менен уюлдук байланыштарды түзүү үчүн дистрюбитердик, оператордук жана сервистик ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө «МС» (Маркетинг

коммуникация) ЖЧКсы түзүлүп, ал жерде Д.Умуралиев коомдун уставдык капиталынын 40 пайыздык үлүшүнүн ээси болгон.

2009-жылдын 10-июнунда Е.Гуревич «БиМоКом» ЖЧКнын директорунун кооперативдик жана стратегиялык тармак боюнча орун басары кызматында ээлеп туруп, «МС» ЖЧКнын негизги контрагенти «Мегаком» сатуу маркасынын ээси болуп, өзүнүн кызматтык милдеттерин башкарууда кыянаттык менен колдонуп, өзүнө пайда табуу максатында «MGN Capital Partores» ЖЧКнын ээси болуп туруп, ал аркылуу бир нече жолу Д.Умуралиевди коркутуу жолу менен «МС» ЖЧКны 2010-жылдын 15-июнунда 600 000 АКШ долларына «MGN Capital Partores» ЖЧКга сатуу тууралуу келишимге кол койдуруп, 40 пайыз уставдык капиталы өткөрүлгөн.

Ал эми, «Славян чыгыш баалоо борбору» ЖЧКнын директору А.Исамухамедованын эсебине ылайык «МС» ЖЧКнын ошол учурдагы 40 пайыздык уставдык капиталынын жалпы наркы 2009-жылдын 10-июнуна 716 000 АКШ долларын түзмөктүгү көрсөтүлгөн. Андыктан, Д.Умуралиевге келтирилген материалдык зыян 116 000 АКШ долларын түзгөн. Жогорудагы көрсөтүлгөн факт боюнча жазык иши козголуп, тергөө органдары тарабынан Е.Гуревичке КРнын КЖКнын 170-бер. 3-б. 3-п. жана 221-бер. 2-б. айыбы угузулуп, тергөө амалдары аяктап, Биринчи май райондук сотуна негизинен кароо үчүн жиберилген.

Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун 2014-жылдын 25-июнундагы өкүмү менен Е.Гуревич КРнын КЖКнын 170-бер. 3-б. 3-п. менен күнөөлүү деп табылып 9 жылга мүлкүн конфискациялоо менен эркинен ажыратылган. КРнын КЖКнын 60-бер. негизинде Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун 2011-жылдын 3-мартындагы өкүмү кошулуу менен 21 жылга мүлкүн конфискациялоо менен эркинен ажыратылып, жазасын күчөтүлгөн тартипте өтөөсү белгиленип, бөгөт коюу чарасы камак боюнча калтырылган.

Жогоруда аталган өкүм күчүнө кирип, тараптардан даттануу жана сунуш келтирилген эмес.

**Инвестициялык банк «Ыссык-Көл» ААКна тиешелүү акча каражаттары боюнча:**

2007-жылдын май айында негизги акционер - «АзияУниверсалБанк» ААКнын директорлор Кенешинин Төрагасы М.Надель, М.Бакиевдин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын Башкаруусунун төрагасы М.Алапаевдин калкалоосу астында, С.Ким менен алдын-ала сүйлөшүп алып, Бакиевдердин үй-бүлөөсүнүн кызыкчылыгында иш жүргүзүү менен мыйзамсыз пайда табуу максатында Инвестициялык банк «Ыссык-Көл» ААКнын менчик ээлерин алмаштыруу, андан ары ал банкты басып жана ээлеп алуу боюнча кылмыштуу схемасын ишке ашыра баштаган.

2007-жылдын 10-августунда Инвестициялык банк «Ыссык-Көл» ААКнын жалган акционерлери С.Толкачев, В.Зайцев жана Б.Асанкулов, мыйзамсыз өткөрүлгөн банктын кезексиз чогулушунда ишенимдүү өкүлү катары М.Надельди - Р.Джапарованы Башкаруунун төрагасы кызматына шайлашкан.

«Металл Инвест» ЖЧК, «Гидротех» ЖЧК, «Джи Си Эс Групп» ЖЧК, «Талант Коммуникейшинз» ЖЧК жана «СпасидоИнтерпрайзес» ЖЧКларынын ээлери катары көрсөтүлгөн адамдар, алардын жүргүзгөн ишмердүүлүгү тууралуу эч нерсе билген эмес. Оффшордук аймакта катталган «AlbaMinerals» компаниясы 2007-жылдын 25-майындагы 25/05GTT сандуу агенттик келишимге

ылайык 2007-жылдын 30-майында «АзияУниверсалБанк» ЖЧК аркылуу «Гидротехтрейд» ЖЧКна 1 223 100 АКШ долларын которгон. Ошол эле күнү ал акчалар сомго конвертацияланып, андан кийин «Гидротехтрейд» ЖЧК тарабынан 46 284 018 сом эсептен накталай түрдө алынып, номери жок кириш ордердин негизинде ишкананын эсебине киритилип, андан кийин пайызсыз займ түрүндө жогоруда көрсөтүлгөндөй берилген.

М.Надель, С.Толкачев аркылуу Бишкек шаарынын райондор аралык сотуна арыз менен кайрылып, анда мамлекеттик органдын кыймыл аракетсиздигине каршы болушун көрсөтүү менен: «...Кыргыз Республикасынын Улуттук банкын укуктардын жана эркиндиктердин бузуусун толук көлөмдө четтетүүнү милдеттендирип, Байкожоевдердин үй-бүлөөсүнүн Инвестициялык банк «Ыссык-Көл» ААКнын акционердик капиталында олуттуу катышуусунун үлүшүн азайтууга мыйзам менен каралган чараларды көрүүнү» суранган.

2007-жылдын 3-августунда (арыз түшкөндөн бир күндөн кийин эле) Бишкек шаарынын райондор аралык соту тарабынан С.Толкачевдун арызы каралып, Инвестициялык банк «Ыссык-Көл» ААКга, «Медина» ЖЧКга жана башка жактарга Инвестициялык банк «Ыссык-Көл» ААКнын 438 682 даана (Байкожоевдердин үй-бүлөөсүнө таандык) жөнөкөй акцияларын добуш берүүчү эсебинен чыгарып салуу жөнүндө аныктама кабыл алынган, ал эми Бишкек шаардык соту жана Кыргыз Республикасынын Жогорку соту тарабынан мыйзамдын жогоруда көрсөтүлгөн талаптары ордуна коюлуп, сот акционерлердин чогулушунда акционерлерге добуш берүүгө тыюу салуу укугу болбогондугу таанылган.

2007-жылдын 10-августунда акционерлердин жалпы чогулушу өткөрүлүп, анда судья Ж.Нурумбетованын аныктамасынын негизинде 82% добуш берүүчү акциялардын келүүсү жөнүндө жарыяланып, С.Толкачев, В.Зайцев, К.Таштаналы уулу жана Р.Юнусбаевдер жаңы Директорлор кеңеши болуп шайланышкан. Директорлор кеңешинин төрагасы болуп Б.Асанкулов шайланган, ошондой эле жаңы башкаруу мүчөлөр курамы жана алдын ала ойлонулган кылмыш планы боюнча башкаруу курамдын төрагасы болуп Р.Джапарова дайындалган.

Мындан тышкары, Бишкек шаарынын райондор аралык сотунун судьясы Б.Карасартовдун 2007-жылдын 10-августундагы ЭД -771/07мбс5 сандуу аныктамасы менен (бул аныктама 2007-жылдын 13-августунда гана жокко чыгарылган) Инвестициялык банк «Ыссык-Көл» ААКнын акционерлеринин 2007-жылдын 10-августундагы кезексиз чогулушунун жаңы Директорлор кеңешин шайлоо жөнүндө чечиминин аткарылышы токтотулганына карабастан, ошол эле күнү банктын башкаруусунун жаңы төрагасын шайлап алышкан.

2007-жылдын 10-августунда Р.Джапарова кылмыштуу иш аракеттерди улантуу менен Биринчи май райондук сотуна доо арыз менен кайрылып, анда Инвестициялык банк «Ыссык-Көл» ААКнын аткаруу органынын жетекчисинин ыйгарым укуктарын ишке ашыруу боюнча тоскоолдуктарды жоюу талаптарын койгон. Б.Асанкулов тарабынан 2007-жылдын 10-августундагы Р.Джапарованы Инвестициялык банк «Ыссык-Көл» ААКнын башкаруусунун төрагасы кызматына дайындоо жөнүндө фиктивдүү протокол берилип, аны Р.Джапарова райондук сотко тапшырган. Протоколго Б.Асанкулов жана В.Зайцевдин атынан кол коюлуп, анда мөөр жана банктын башкаруусунун төрагасынын кызматын

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен макулдашылганы тууралуу далилдер болгон эмес.

Бул жагдайларга карабастан, 2007-жылдын 10-августунда Биринчи май райондук сотунун судьясы А.Тилекеева тарабынан Р.Джапарованын доосун канааттандыруу тууралу аныктама кабыл алынган, ал эми ошол эле мезгилде Бишкек шаарынын райондор аралык сотунун судьясы Б.Карасартов тарабынан Инвестициялык банк «Ыссык-Көл» ААКнын акционерлеринин кезексиз чогулушунун жаңы Директорлор кеңешин шайлоо жөнүндө чечиминин аткарылышы токтотуу тууралу аныктама кабыл алган.

М.Бакиев менен М.Надель Инвестициялык банк «Ыссык-Көл» ААКны жана анын акцияларын толук ээлеп алып, башкаруу үчүн жана Б.Байкожоевди банктын ишмердүүлүгүнөн болушунча четтетүү максатында, ага жана анын үй-бүлөөсүнө соттук доолор жана иш козгоо коркунучу менен кысым көрсөтө баштаган.

2008-жылдын 2-майында Б.Байкожоевди банктын акцияларын сатууга Ж.Бакиев жана С.Ким мажбур кылышкан, ошол эле учурда Б.Байкожоевдин үй-бүлөсүнө карата куугунтуктоонун токтотулушунун бирден-бир шарттары болуп анын акцияларынын сатышы саналган, Н.Тентимишованын акциялары катары эле ал акциялар башка адамдардын атына катталган.

2010-жылдын 7-апрелинен кийин Б.Байкожоев акцияларды сатуу мажбур түрүндө болгону тууралуу доо менен сотко кайрылып, соттун баардык инстанцияларынан ал келишим жараксыз деп табылган фактылар М.Бакиев жана М.Надель коомчулукту атайын жаңылышууга учуратып, банкты ээлеп алуунун чыныгы себептерин жашырганын көрсөтөт. Бул аракеттер Ж.Бакиевдин жана М.Бакиевдин таасирин түздөн-түз пайдалануу менен мыйзамсыз банк ээлеп алынганын, М.Надель жана Р.Джапарова ал жерде эң башкы роль ойногонун далилдейт.

Мындан тышкары, М.Бакиев жана М.Надель өзгөчө ири өлчөмдөгү кылмыштуу кирешелерди адалдоо (легализация) тилегинде кылмыштуу схемаларды түзүп, ага Инвестициялык банк «Ыссык-Көл» ААКнын Директорлор кеңешинин мүчөсү А.Констатинованы тартышкан. А.Констатинова «Ак-Тилек Инвестмент» ЖЧКна божомолдо россиялык эмитенттердин векселдеринин ээлери катары көрсөтүлгөн оффшордук компаниялардын даректик маалыматтарын берип, Инвестициялык банк «Ыссык-Көл» ААК жана «Ак-Тилек Инвестмент» ЖЧК ортосунда векселдерди сатуу-сатып алуу келишимдерин жана сатып алынуучу векселдердин өткөрүп алуу актыларын түзүүнү тапшырган.

Инвестициялык банк «Ыссык-Көл» ААК 2007-жылдын декабрынан 2010-жылдын февралына чейинки аралыкта жалган фиктивдүү келишимдердин негизинде россиялык коммерциялык банктарынын жөнөкөй векселдерин 687 312 765 россиялык рубльге сатып алып, кайрадан банк 693 367 300 россиялык рубльге сатып, ал келишимдердин негизинде 6 054 535 россиялык рубль (ошол кезде 8,5 миллион сомдон ашык) киреше алынды деп көрсөтүп, банктан чыгып кеткен акча каражаттарына мыйзамдуу көрүнүш берүү жолу менен, фиктивдүү векселдерди сатылып алынып, сатылган кылып, мыйзамсыз келишимдерден түшкөн акча каражаттарын банктын кирешеси катары көрсөтүп, ал акча каражаттарынын чыныгы келип чыккан булактарын жашыруу менен көрсөтүлгөн сумманы адалдоого (легализация) жетишишкен.

2010-жылдын 26-мартында Генкин Роберт Е.Гуревичтин кылмыштуу ой максаттарын ишке ашырууга көмөктөшүп, акыркынын ишеним катынын негизинде, ишенимден кыянаттык менен пайдаланып акча каражаттарын ээлеп калуу максатында күрөөгө 2010-жылдын 5-февралында түзүлгөн «MGN Capital Partners» ЖЧК менен «Great Association Ltd.» компаниясынын ортосунда түзүлгөн жалган фиктивдүү келишим боюнча талап кылуу укугун коюла тургандыгын көрсөтүп, Инвестициялык банк «Ысык-Көл» ААКна 1 000 000 АКШ доллар өлчөмүндө насыя берүүсүн сураган каты менен кайрылат. «MGN Capital Partners» ЖЧК Кыргызстандын байланыш операторлорунун алдынкы диллери болгону, «Great Association Ltd.» компаниясы Голландия, Италия, Литва жана Польшанын сүт азыктарын өндүрүүчүлөрдүн тобунун товарларын сатуу менен алектенгени, компаниянын активдери 2 650 000 АКШ долларды, кирешелүүлүгү 12% түзгөнү тууралуу бизнес планын банкка тапшырат. Тийиштүү корутундулар берилгенден кийин, насыя берүү комитетинин жана Директорлор кеңешинин чогулушун өткөрүлүп, Инвестициялык банк «Ысык-Көл» ААК Генкин Робертин өкүлчүлүгү атынан «MGN Capital Partners» ЖЧКна 22% менен 2010-жылдын 30-апрелине чейин 1 000 000 АКШ доллар насыя берүү тууралу 2010-жылдын 10-мартында 133 сандуу келишим түзөт, ал эми 2010-жылдын 30-мартындагы тескеме менен «MGN Capital Partners» ЖЧКнын Инвестициялык банк «Ысык-Көл» ААКдагы алыш-бериш эсебине 1 000 000 АКШ доллар насыя түрүндө жиберилет.

Ошол эле күнү «MGN Capital Partners» ЖЧК алыш бериш эсебине түшкөн акча каражаттарын өзүнүн «АУБ-Бишкек» ААКнын алыш-бериш эсебине которуп алып, ал акча каражаттарды мурдагы келишим боюнча алынган 1 000 000 АКШ доллар насыянын негизги бөлүгүн жабуу үчүн жумшайт, ал эми Инвестициялык банк «Ысык-Көл» ААКдагы насыя келишими боюнча милдеттерин аткарбай, акча каражаттарын кайтарбастан качып кетишкен.

Е.Гуревич, Р.Генкин жана М.Надель тарабынан Инвестициялык банк «Ысык-Көл» ААК 1 000 000 АКШ доллар өлчөмүндө же 2010-жылдын 30-апрелине карата 45 551 800 сом (Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2010-жылдын 30-апрелине карата курсу боюнча 1 АКШ доллары = 45, 5518 сом) зыян келтирилген.

Жогоруда көрсөтүлгөн фактылар боюнча Октябрь райондук сотунун 2015-жылдын 20-октябрындагы өкүмү менен:

***Бакиев Максим Курманбекович*** Кыргыз Республикасынын КЖКнин 30-бер. 4-б. – 303-бер. 2-б. менен күнөөлүү деп табылып, ага мүлкүн конфискациялоо, 3-жылга мамлекеттик кызматтарды ээлөө укугунан ажыратуу менен 15 жыл эркинен ажыратуу жазасы чектелген. Кыргыз Республикасынын КЖКнин 60-бер. негизинде 2013-жылдын 26-мартындагы Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун, 2013-жылдын 2-августундагы Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун, 2014-жылдын 4-апрелиндеги Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун, 2014-жылдын 22-октябрындагы Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун өкүмдөрүн жарым жартылай кошуу жолу менен биротоло мүлкүн конфискациялоо, 3-жылга мамлекеттик кызматтарды ээлөө укугунан ажыратуу менен өмүр бою эркинен ажыратуу жазасы чектелип, аны өтөө өзгөчө тартиптеги түзөтүү абактарында дайындалган.

***Бакиев Жаныбек Салиевич*** Кыргыз Республикасынын КЖКнин 30-бер. 4-б. – 303-бер. 2-б. менен күнөөлүү деп табылып, ага мүлкүн конфискациялоо, 3-

жылга мамлекеттик кызматтарды элөө укугунан ажыратуу менен 15 жыл эркинен ажыратуу жазасы чектелген.

Кыргыз Республикасынын КЖКнин 60-бер. негизинде 2013-жылдын 11-февралындагы Бишкек гарнизонунун Аскер сотунун, 2014-жылдын 4-апрелиндеги Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун, 2014-жылдын 25-июлундагы Бишкек гарнизонунун Аскер сотунун өкүмдөрүн жарым жартылай кошуу жолу менен биротоло мүлкүн конфискациялоо, 3-жылга мамлекеттик кызматтарды элөө укугунан ажыратуу менен өмүр бою эркинен ажыратуу жазасы чектелип, аны өтөө өзгөчө тартиптеги түзөтүү абактарында дайындалган.

***Надель Михаил Анатольевич*** Кыргыз Республикасынын КЖКнин 30-бер. 4-б. – 303-бер. 2-б., 30-бер. 4-б. – 183-бер. 2-б. 1,2-п.п., 3-б., 166-бер. 2-б. 2-п., 4-б. 2-п. менен күнөөлүү деп табылып, Кыргыз Республикасынын КЖКнин 30-бер. 4-б. – 303-бер. 2-б. боюнча мүлкүн конфискациялоо, 3-жылга банктык сферада кызматтарды элөө укугунан ажыратуу менен 15 жыл эркинен ажыратуу, КЖКнин 30-бер. 4-б. – 183-бер. 2-б. 1,2-п.п., 3-б. боюнча мүлкүн конфискациялоо менен 10 жыл эркинен ажыратуу, Кыргыз Республикасынын КЖКнин 166-бер. 2-б. 2-п., 4-б. 2-п. боюнча мүлкүн конфискациялоо менен 7 жыл эркинен ажыратуу жазасы чектелген.

Кыргыз Республикасынын КЖКнын 59-бер. негизинде кылмыштардын жыйындысын жарым-жартылай кошуу жолу менен биротоло мүлкүн конфискациялоо, 3-жылга банктык сферада кызматтарды элөө укугунан ажыратуу менен 20-жылга эркинен ажыратуу жазасы чектелген**.** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 60-бер. негизинде 2011-жылдын 6-апрелиндеги Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун, 2014-жылдын 22-октябрындагы Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун, 2015-жылдын 21-февралындагы Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунунөкүмдөрүн жарым жартылай кошуу жолу менен биротоло мүлкүн конфискациялоо, 3-жылга банктык сферада кызматтарды элөө укугунан ажыратуу, 150 эсептик көрсөткүч өлчөмүндөгү айып менен 30-жыл эркинен ажыратуу жазасы чектелип, аны өтөө күчөтүлгөн тартиптеги түзөтүү абактарында дайындалган.

***Ким Сергей Вячеславович*** Кыргыз Республикасынын КЖКнин 30-бер. 4-б. – 303-бер. 2-б. менен күнөөлүү деп табылып, ага мүлкүн конфискациялоо, 3-жылга банк сферасында кызматтарды элөө укугунан ажыратуу менен 15 жыл эркинен ажыратуу жазасы чектелген.

Кыргыз Республикасынын КЖКнин 60-бер. негизинде 2013-жылдын 2-августундагы Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун, 2015-жылдын 21-февралындагы Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун өкүмдөрүн жарым жартылай кошуу жолу менен биротоло мүлкүн конфискациялоо, 3-жылга банк сферасында кызматтарды элөө укугунан ажыратуу менен 20-жыл эркинен ажыратуу жазасы чектелип, аны өтөө күчөтүлгөн тартиптеги түзөтүү абактарында дайындалган.

***Гуревич Евгений Сергеевич*** Кыргыз Республикасынын КЖКнин 166-бер. 2-б. 2-п., 4-б. 2-п. менен күнөөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо менен 10 жыл эркинен ажыратуу, Кыргыз Республикасынын КЖКнин 166-бер. 2-б. 2-п., 4-б. 2-п. боюнча мүлкүн конфискациялоо менен 10 жыл эркинен ажыратуу жазасы чектелген.

Кыргыз Республикасынын КЖКнин 60-бер. негизинде 2011-жылдын 11-апрелиндеги Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун, 2014-жылдын 25-июнундагы Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун, 2014-жылдын 22-октябрындагы Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун өкүмдөрүн жарым жартылай кошуу жолу менен биротоло мүлкүн конфискациялоо, 3-жылга мамлекеттик кызматтарды элөө укугунан ажыратуу менен 30-жыл эркинен ажыратуу жазасы чектелип, аны өтөө күчөтүлгөн тартиптеги түзөтүү абактарында дайындалган.

***Юнусбаев Рустам Кундусович*** Кыргыз Республикасынын КЖКнин 30-бер. 6-б. – 303-бер. 2-б. менен күнөөлүү деп табылып, ага мүлкүн конфискациялоо, 3-жылга банк сферасында кызматтарды элөө укугунан ажыратуу менен 15 жыл эркинен ажыратуу жазасы чектелип, аны өтөө күчөтүлгөн тартиптеги түзөтүү абактарында дайындалган.

***Таштаналы уулу Кубаналы*** Кыргыз Республикасынын КЖКнин 30-бер. 6-б. – 303-бер. 2-б. менен күнөөлүү деп табылып, ага мүлкүн конфискациялоо, 3-жылга банк сферасында кызматтарды элөө укугунан ажыратуу менен 15 жыл эркинен ажыратуу жазасы чектелип, аны өтөө күчөтүлгөн тартиптеги түзөтүү абактарында дайындалган.

***Алапаев Марат Ормонбекович*** Кыргыз Республикасынын КЖКнин 30-бер. 6-б. – 303-бер. 2-б. менен күнөөлүү деп табылып, ага мүлкүн конфискациялоо, 3-жылга мамлекеттик кызматтарды элөө укугунан ажыратуу менен 15 жыл эркинен ажыратуу жазасы чектелип, аны өтөө күчөтүлгөн тартиптеги түзөтүү абактарында дайындалган.

***Генкина Роберт*** Кыргыз Республикасынын КЖКнин 184-бер. 1-б. менен күнөөлүү деп табылып, ага 1000 эсептик көрсөткүч өлчөмүндөгү айып жазасы чектелген.

**“Учкун” ААКму боюнча:**

2007-жылы М.Бакиев, У.Пак, С.Ким, Д.Гладышев жана А.Елисеевдер алдын ала сүйлөшүү жолу менен “Учкун” ААКнун редакциялык корпусунун астындагы, 904,5 ч.м. имаратты жана 0,385 га жер аянтын өз баасы 10 936 242 сомдон бир нече төмөн баага, башкача айтканда 4 642 880 сомго (*6 293 362 сомго арзан*) сатууга аталган ААКнун башкы директору А.Абыкеевди коркутуп, мажбурлашкан.

2010-жылдын 09-июнунда аталган факты боюнча Бишкек шаардык прокуратурасы тарабынан Кыргыз Республикасынын КЖКнын 170-бер. 2-б. 2-п., 3-б. 3-п.; 183-бер. 2-б. 1-п., 3-б 2-п.; 190-бер. 1-б. менен 151-10-47 сандуу жазык иши козголуп, 151-10-47 жана 151-10-48 сандуу жазык иштери менен бир өндүрүшкө кошулуп, тергөөнүн жыйынтыгы менен М.Бакиевге, С.Кимге, Д.Гладышевге, У.Пак, Н.Иминовага жана А.Елисеевге Кыргыз Республикасынын КЖКнын 170-бер. 2-б. 2-п., 3-б. 3-п.; 183-бер. 2-б. 1-п., 3-б 2-п.; 190-бер. 1-б. менен айыптары угузулуп, иш соттун кароосуна жөнөтүлгөн.

Биринчи Май райондук сотунун 2016-жылдын 29-апрелиндеги өкүмү менен **М.Бакиев** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 190-бер. 1-б. менен күнөөлүү деп табылып, 2 жылга эркинен ажыратылган жана 500 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып салынган, Кыргыз Республикасынын КЖКнын 183-бер. 2-б. 1-п., 3-б. 2-п. менен күнөөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо жана мамлекеттик кызматтарда иштөөгө 3 жылга тыюу салуу менен 8 жылга эркинен ажыратылган, Кыргыз Республикасынын КЖКнын 170-бер. 2-б. 2-п., 3-

б. 3-п. менен күнөөлүү деп табылып, 9 жылга эркинен ажыратылган. Кыргыз Республикасынын КЖКнын 59-бер. жана 60-бер. негизинде белгиленген жазалары жарым-жартылай кошулуп, 500 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып салуу, мамлекеттик кызматтарда иштөөгө тыюу салуу жана мүлкүн конфискациялоо менен биротоло 30 жылга эркинен ажыратуу жазасы белгиленген (*Биринчи Май райондук сотунун судьясы А.Боромбаев*).

**С.Ким** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 190-бер. 1-б. менен күнөөлүү деп табылып, 2 жылга эркинен ажыратылган жана 500 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып салынган, КРнын КЖКнын 183-бер. 2-б. 1-п., 3-б. 2-п. менен күнөөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо жана мамлекеттик кызматтарда иштөөгө 3 жылга тыюу салуу менен 8 жылга эркинен ажыратылган, КРнын КЖКнын 170-бер. 2-б. 2-п., 3-б. 3-п. менен күнөөлүү деп табылып, 9 жылга эркинен ажыратылган. Кыргыз Республикасынын КЖКнын 59-бер. жана 60-бер. негизинде белгиленген жазалары жарым-жартылай кошулуп, мамлекеттик кызматтарда иштөөгө тыюу салуу жана мүлкүн конфискациялоо менен биротоло 20 жылга эркинен ажыратуу жазасы белгиленген.

**Д.Гладышев** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 190-бер. 1-б. менен күнөөлүү деп табылып, 2 жылга эркинен ажыратылган жана 500 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып салынган, КРнын КЖКнын 183-бер. 2-б. 1-п., 3-б. 2-п. менен күнөөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо менен 8 жылга эркинен ажыратылган, КРнын КЖКнын 170-бер. 2-б. 2-п., 3-б. 3-п. менен күнөөлүү деп табылып, 9 жылга эркинен ажыратылган. Кыргыз Республикасынын КЖКнын 59-бер. негизинде белгиленген жазалары жарым-жартылай кошулуп, 500 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып салуу жана мүлкүн конфискациялоо менен биротоло 15 жылга эркинен ажыратылып, жазасын күчөтүлгөн тартиптеги абакта өтөөсү белгиленген.

**У.Пак** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 190-бер. 1-б. менен күнөөлүү деп табылып, 2 жылга эркинен ажыратылган жана 500 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып салынган, КРнын КЖКнын 183-бер. 2-б. 1-п., 3-б. 2-п. менен күнөөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо менен 8 жылга эркинен ажыратылган, КРнын КЖКнын 170-бер. 2-б. 2-п., 3-б. 3-п. менен күнөөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо менен 9 жылга эркинен ажыратылган. Кыргыз Республикасынын КЖКнын 59-ст. негизинде белгиленген жазалары жарым-жартылай кошулуп, мүлкүн конфискациялоо менен биротоло 15 жылга эркинен ажыратылып, жазасын аялдар үчүн түзөтүү абакта өтөөсү белгиленген.

**Н.Иминова** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 183-бер. 2-б. 1-п., 3-б. 2-п. менен күнөөлүү деп табылып, 8 жылга эркинен ажыратылган, КРнын КЖКнын 170-бер. 2-б. 2-п., 3-б. 3-п. менен күнөөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо менен 9 жылга эркинен ажыратылган. Кыргыз Республикасынын КЖКнын 59-бер. негизинде белгиленген жазалары жарым-жартылай кошулуп, мүлкүн конфискациялоо менен биротоло 14 жылга эркинен ажыратылып, жазасын аялдар үчүн түзөтүү абакта өтөөсү белгиленген.

**П.Иминов** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 170-бер. 2-б. 2-п., 3-б. 3-п. менен күнөөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо менен 9 жылга эркинен ажыратылган, жазасын күчөтүлгөн тартиптеги абакта өтөөсү белгиленген.

**А.Елисеев** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 221-бер. 2-б. менен күнөөлүү деп табылып, Кыргыз Республикасынын КЖКнын 60-ст. негизинде

мүлкүн конфискациялоо менен биротоло 8 жылга эркинен ажыратылган, жазасын күчөтүлгөн тартиптеги абакта өтөөсү белгиленген.

**“Азия Универсал Банк” ААКму, “Альфа Телеком” ЖАКму “Альфа телеком” ЖАКму жана “МАМ” ААКму боюнча:**

М.Бакиев жана анын жакын адамдары У.Пак, А.Елисеев, С.Ким, С.Костырин, Д.Гладышев жана С.Биряльмин 2005-2010-жылдары базардын ар кандай сегменттеринен, башкача айтканда Кыргыз Республикасынын Энергетика тармагынан, “Азия Универсал Банк” ААКму, “Альфа Телеком” ЖАКму “Альфа телеком” ЖАКму жана “МАМ” ААКмунан пайда табуу максатын көздөшүп, бийлик өкүлдөрү менен туруктуу байланыш түзүшкөн.

М.Бакиев жана аталып өткөн анын жакын адамдары кылмыш жолу менен табылган акча каражаттарынын келип чыгышына мыйзамдуу көрүнүш бериш үчүн, ал каражаттарга мыйзамсыз кыймылсыз мүлктөр сатылып алынган.

Тактап айтсак, Бишкек шаарынын Киевская 74 дарегинде жайгашкан 99 678 000 сомдук кыймылсыз мүлк, Бишкек шаарынын Скрябина көчөсү, 45, 45 “а” дарегинде жайгашкан, 107 064 443 сомдук кыймылсыз мүлктөр, Бишкек шаарынын Байтик-Баатыр көчөсүнүн 22 дарегинде жайгашкан, 7 687 000 сомдук кыймылсыз мүлк, Л.Толстой көчөсүндөгү, 2 а дарегиндеги 16 204 000 сомдук кыймылсыз мүлк, Эркиндик көчөсү, 43 дарегинде жайгашкан 19 400 000 сомдук кыймылсыз мүлк.

Аталган кыймылсыз мүлктөр М.Бакиевдин жакын адамдарына тиешелүү “Глобал групп”, “АртСтройДизайн” ЖЧКна катталган. М.Бакиевдин жана анын жакын адамдарынын бул кыймыл аракеттеринин натыйжасында мамлекетке өзгөчө ири өлчөмдөгү зыян келтирилген.

Биринчи Май райондук сотунун 2018-жылдын 11-январындагы өкүмү менен Ж.Бакиев Кыргыз Республикасынын КЖКнын 170-бер. 3-б. 3-п. менен күнөөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо менен 8 жылга эркинен ажыратылган. Кыргыз Республикасынын КЖКнын 60-бер. колдонулуп, мүлкүн конфискациялоо менен өмүр бою эркинен ажыратылган, жазасын өзгөчө тартиптеги түзөтүү абагында өтөөсү белгиленген.

**М.Бакиев** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 303-бер. 1-б. менен акталган, ал эми КРнын КЖКнын 303-бер. 1-б. менен күнөөлүү деп табылып, мамлекеттик кызматтарда 3 жылга чейин иштөөгө тыюу салуу жана мүлкүн конфискациялоо менен 10 жылга эркинен ажыратылган КРнын КЖКнын 170-бер. 3-б. 3-п. менен 2 эпизод боюнча күнөөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо менен 8 жылдан эркинен ажыратылган, КРнын КЖКнын 183-бер. 3-б. менен 5 эпизод боюнча күнөөлүү деп табылып, мамлекеттик кызматтарда 3 жылга чейин иштөөгө тыюу салуу жана мүлкүн конфискациялоо менен 8 жылдан эркинен ажыратылган, КРнын КЖКнын 166-бер. 4-б. 2-п. менен 6 эпизод боюнча күнөөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо менен 8 жылдан эркинен ажыратылган, КРнын КЖКнын 213-бер. 2-б. менен күнөөлүү деп табылып, 8 жылга эркинен ажыратылган. КРнын КЖКнын 59-бер. колдонулуп, мамлекеттик кызматтарда 3 жылга чейин иштөөгө тыюу салуу жана мүлкүн конфискациялоо менен биротоло 25 жылга эркинен ажыратылган. КРнын КЖКнын 60-бер. негизинде 50 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып салуу, мамлекеттик кызматтарда 3 жылга чейин иштөөгө тыюу салуу жана мүлкүн конфискациялоо менен өмүр бою эркинен ажыратылган.

**С.Костырин** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 303-бер. 1-б. акталган, ал эми КРнын КЖКнын 303-бер. 1-б. менен күнөөлүү деп табылып, мамлекеттик кызматтарда 3 жылга чейин иштөөгө тыюу салуу жана мүлкүн конфискациялоо менен 10 жылга эркинен ажыратылган, КРнын КЖКнын 183-бер. 3-б. менен 2 эпизод боюнча күнөөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо менен 8 жылдан эркинен ажыратылган, КРнын КЖКнын 166-бер. 4-б. 2-п. менен 3 эпизод боюнча күнөөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо менен 8 жылдан эркинен ажыратылган. КРнын КЖКнын 59-бер. жана 60-бер. колдонулуп, мамлекеттик кызматтарда 3 жылга чейин иштөөгө тыюу салуу жана мүлкүн конфискациялоо менен биротоло 21 жылга эркинен ажыратылган.

**С.Ким** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 303-бер. 1-б. менен акталган, КРнын КЖКнын 303-бер. 1-б. менен күнөөлүү деп табылып, мамлекеттик кызматтарда 3 жылга чейин иштөөгө тыюу салуу жана мүлкүн конфискациялоо менен 10 жылга эркинен ажыратылган, КРнын КЖКнын 170-бер. 3-б. 3-п. менен күнөөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо менен 8 жылга эркинен ажыратылган, КРнын КЖКнын 183-бер. 3-б. менен 4 эпизод боюнча күнөөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо менен 8 жылдан эркинен ажыратылган, КРнын КЖКнын 166-бер. 4-б. 2-п. менен 5 эпизод боюнча күнөөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо менен 8 жылдан эркинен ажыратылган. КРнын КЖКнын 59-бер. жана 60-бер. колдонулуп, 50 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып салуу, мамлекеттик кызматтарда 3 жылга чейин иштөөгө тыюу салуу жана мүлкүн конфискациялоо менен биротоло 30 жылга эркинен ажыратылган, жазасын күчөтүлгөн тартиптеги түзөтүү абагында өтөөсү белгиленген.

**А.Елисеев** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 303-бер. 1-б. акталган, 303-бер. 1-б. менен күнөөлүү деп табылып, мамлекеттик кызматтарда 3 жылга чейин иштөөгө тыюу салуу жана мүлкүн конфискациялоо менен 8 жылга эркинен ажыратылган, КРнын КЖКнын 170-бер. 3-б. 3-п. менен күнөөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо менен 8 жылдан эркинен ажыратылган, КРнын КЖКнын 183-бер. 3-б. менен күнөөлүү деп табылып, мамлекеттик кызматтарда 3 жылга чейин иштөөгө тыюу салуу жана мүлкүн конфискациялоо менен 8 жылга эркинен ажыратылган, КРнын КЖКнын 166-бер. 4-б. 2-п. менен күнөөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо менен 8 жылга эркинен ажыратылган, КРнын КЖКнын 190-бер. 1-б. менен күнөөлүү деп табылып 50 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып салынган, КРнын КЖКнын 221-бер. 1-б. менен күнөөлүү деп табылып 100 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып салынган. КРнын КЖКнын 59-бер. жана 60-бер. колдонулуп, 150 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып салуу, мамлекеттик кызматтарда 3 жылга чейин иштөөгө тыюу салуу жана мүлкүн конфискациялоо менен биротоло 30 жылга эркинен ажыратылган, жазасын күчөтүлгөн тартиптеги түзөтүү абагында өтөөсү белгиленген.

**Д.Гладышев** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 303-бер. 1-б. акталган, КРнын КЖКнын 303-бер. 1-б. менен күнөөлүү деп табылып, мамлекеттик кызматтарда 3 жылга чейин иштөөгө тыюу салуу жана мүлкүн конфискациялоо менен 8 жылга эркинен ажыратылган, КРнын КЖКнын 183-бер. 3-б. менен 4 эпизод боюнча күнөөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо менен 8 жылдан эркинен ажыратылган, КРнын КЖКнын 213-бер. 2-б. менен күнөөлүү деп табылып, 3 жылга эркинен ажыратылган. КРнын КЖКнын 59-бер. жана 60-бер.

колдонулуп, 50 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып салуу, мамлекеттик кызматтарда 3 жылга чейин иштөөгө тыюу салуу жана мүлкүн конфискациялоо менен биротоло 20 жылга эркинен ажыратылган, жазасын күчөтүлгөн тартиптеги түзөтүү абагында өтөөсү белгиленген.

**С.Биряльмин** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 303-бер. 1-б. акталган, КРнын КЖКнын 303-бер. 1-б. менен күнөөлүү деп табылып, мамлекеттик кызматтарда 3 жылга чейин иштөөгө тыюу салуу жана мүлкүн конфискациялоо менен 8 жылга эркинен ажыратылган, КРнын КЖКнын 170-бер. 3-б. 3-п. менен күнөөлүү деп табылып 8 жылга эркинен ажыратылган, КРнын КЖКнын 183-бер. 3-б. менен күнөөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо менен 8 жылга эркинен ажыратылган, КРнын КЖКнын 166-бер. 4-б. 2-п. менен күнөөлүү деп табылып, 8 жылга эркинен ажыратылган. КРнын КЖКнын 59-бер. жана 60-бер. колдонулуп, 50 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып салуу, мамлекеттик кызматтарда 3 жылга чейин иштөөгө тыюу салуу жана мүлкүн конфискациялоо менен биротоло 20 жылга эркинен ажыратылган, жазасын күчөтүлгөн тартиптеги түзөтүү абагында өтөөсү белгиленген.

**У.Пак** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 303-бер. 1-б. менен күнөөлүү деп табылып, мамлекеттик кызматтарда 3 жылга чейин иштөөгө тыюу салуу жана мүлкүн конфискациялоо менен 10 жылга эркинен ажыратылган, КРнын КЖКнын 183-бер. 3-б. менен күнөөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо менен 8 жылга эркинен ажыратылган, КРнын КЖКнын 166-бер. 4-б. 2-п. менен күнөөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо менен 8 жылга эркинен ажыратылган. КРнын КЖКнын 59-бер. жана 60-бер. колдонулуп, 50 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып салуу менен мамлекеттик кызматтарда 3 жылга чейин иштөөгө тыюу салуу жана мүлкүн конфискациялоо менен биротоло 30 жылга эркинен ажыратылган, жазасын күчөтүлгөн тартиптеги аялдар үчүн түзөтүү абагында өтөөсү белгиленген.

**2010-жылдын 7-апрелиндеги болгон окуя боюнча:**

2010-жылдын 7-апрелинде Бишкек шаарынын Ала-Тоо башкы аянтында жарандарды атуу фактысы боюнча Бакиев Курманбек Салиевич, Бакиев Жаныбек Салиевич, Бакиев Марат Курманбекович жана башка адамдарга карата.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 29.07.2016-ж. токтому менен:

- **Бакиев Курманбек Салиевич,** КРнын КЖКнын 305-ст. 2-б. 2-п. (кызматтык ыйгарым укуктарынан аша чабуу), 30-ст. 4-б. – 97-ст. 2-б. 1,3,5,6,15-п.п. (адам өлтүрүүгө шериктеш болуу), 28-97-ст. 2-б. 1,3,5,6,13-п.п. (адам өлтүрүүгө далалат кылуу), 305-ст. 2-б. 2,3,4,5-п.п., 305-ст. 2-б. 2,3,4,5-п.п., 304-ст. 4-б. (жоопттуу кызматты ээлеген адамдын кызматтык абалынан кыянаттык менен пайдалануу), 307-ст. 2-б. (менчиктештирүү, салыктык, бажылык же лицензиялык-уруксат берилген ишти жүзөгө ашырууда кызмат абалын мыйзамсыз пайдалануу) менен күнөөлүү деп табылып, биротоло 30 жылга эркиндигинен ажыратуу жазасы белгиленген.

Бишкек гарнизонунун Аскер сотунун 21.07.2014-ж. өкүмү менен:

**Бакиев Жаныбек Салиевич,** КРнын КЖКнын 305-ст. 2-б. 2-п. (кызматтык ыйгарым укуктарынан аша чабуу), 30-ст. 4-б. – 97-ст. 2-б. 1,3,5,6,15-п.п. (адам өлтүрүүгө шериктеш болуу), 28-97-ст. 2-б. 1,3,5,6,13-п.п. (адам өлтүрүүгө далалат кылуу), 305-ст. 2-б. 4,5-п.п., 359-ст. 4-б. (бөлүктү же кызмат ордун өзү билип таштап кетүү), 304-ст. 2-б. (кызматтык абалынан кыянаттык менен

пайдалануу), 247-ст. 3-б. 4-п. (баңги каражаттарын, мыйзамсыз даярдоо, сатып алуу, сактоо, ташуу) менен күнөөлүү деп табылып, биротоло өмүр бою эркиндигинен ажыратуу жазасы белгиленген;

**Бакиев Марат Курманбекович** КРнын КЖКнын 183-ст. 3-б. (кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруу (адалдоо), 359-ст. 4-б. (бөлүктү же кызмат ордун өзү билип таштап кетүү), менен күнөөлүү деп табылып, КРнын КЖКнын 60-ст. негизинде биротоло 27 жыл эркиндигинен ажыратуу жазасы белгиленген.

**М.Садыркуловдун өлүмү боюнча:**

Бишкек гарнизонунун Аскер сотунун 11.02.2013-жылдагы өкүмү менен Бакиев Жаныбек Салиевич кылмыштуу топту уюштуруп, М.Садыркулов, М.Слепченко, К.Сулайманов жана О.Осмоновду уурдап кетүү жана өлтүрүү фактысы боюнча өмүр бою эркиндигинен ажыратылган.